**Пресс-релиз**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 9,50 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечимин кабыл алды**

Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 29-июнунда эсептик чен өлчөмүн 9,50 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечимин кабыл алды.

Эсептик чен өлчөмүнө тиешелүү буга чейин кабыл алган чечимден берки тышкы финансылык рыноктордогу жагдайдын чиелениши олуттуу белгисиздик шартында өкүм сүрүүдө. Инфляция динамикасын жана экономикалык өсүштү аныктаган негизги факторлор мурдагы бойдон калууда.

Сезондук фактор инфляциянын басаңдашына түрткү берип, ал июнь айынын орто ченинде (19-июнга карата) жылдын баш жагындагы 11,6 пайызга караганда, жылдык мааниде 4,8 пайызды түзгөн.

2015-жылдын январь-май айларында экономикалык өсүштүн жогорку көрсөткүчү (6,9 пайыз) эң башкысы, “Кумтөр” алтын кенин азып алуу ишканаларында өндүрүштүн өсүшү менен шартталган. “Кумтөрдү” эске албаганда, ички дүң өнүмдүн реалдуу өсүш арымы 3,9 пайыз чегинде катталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, инфляциялык процесстердин болжолдонгон динамикасын эске алуу менен өлкө экономикасындагы жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарына чегинде акча-кредит саясатынын тиешелүү чараларын кабыл алууга ниеттенүүдө. Ал эми, орто мөөнөттүк мезгил ичинде акча-кредит саясаты негизги багыттарда аныкталгандай эле, инфляцияны 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп турууга багытталат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 27-июлуна пландаштырылган.